трагедиясы — бул Кудай тарабынан жазалануу эмес, Кудайды өз жанынан жоготуп алуунун кесепети [12].

Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгында адам жанынын трагедиясы терең диний-философиялык мазмун менен сугарылган абалда сүрөттөлөт. Жазуучу адамдын ички дүйнөсүндөгү трагедияларды социалдык шарттар менен гана чектеп койбостон, аларды ишеним, абийир, морал жана кудайлык адилеттүүлүк маселелери менен байланыштырып талдайт. Айтматовдун чыгармаларында диний мотивдер адамды коркутуучу догма эмес, тескерисинче, аны руханий тазалануунга чакырган күч катары көрүнөт. Адам жанынын трагедиясы бул жерде кыйроо эмес, сергектикке жана өзүн-өзү таанууга алып баруучу жол катары чечмеленет [8].

Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгы диний-философиялык ой-жүгүртүү менен көркөм адабияттын синтезинин жаркын үлгүсү болуп саналат. Ал заманбап адамды өз жанына назар салууга, ишеним жана абийир алдындагы жоопкерчилигин аңдап билүүгө үндөйт. Бул изилдөөнүн натыйжалары Айтматовдун мурасын үйрөнүүдө, ошондой эле диний-философиялык адабият таануу изилдөөлөрүндө маанилүү илимий булак катары кызмат кыла алат.

Жыйынтыктап айтканда, Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгы диний-философиялык ой-толгоолордун жана көркөм адабияттын синтезинин эң сонун үлгүсү болуп, адамды ички дүйнөсүнө үңүлүүгө жана абийир алдындагы жоопкерчиликти сезүүгө чакырат. Бул изилдөө иштери Айтматов таанууда жана диний-философиялык багыттагы илимий изилдөөлөр үчүн маанилүү таяныч болуп берет.

Адабияттар:

1. Айтматов Ч. Кылым карытар бир күн. – Ташкент: Гафур Гулям атындагы басмакана, 1988.
2. Айтматов Ч. Ак кеме. – Ташкент: Ёш гвардия, 1985.
3. Айтматов Ч. Кыямат. – Ташкент: Шарк, 1991.
4. Айтматов Ч. Жамийла. – Ташкент: Гафур Гулям атындагы басмакана, 1983.
5. Айтматов Ч. Чыгармаларынын жыйнагы: 5 томдук. – Бишкек: Адабият, 1999.
6. Бердяев Н. А. Чыгармачылыктын мааниси. Адамды актоо тажрыйбасы. – Москва: Республика, 1994.
7. Бердяев Н. А**.** Эркиндик философиясы. – Москва: Мысль, 1990.
8. Фромм Э. Адам өзү үчүн. – Москва: АСТ, 2004.
9. . Илимий кабарлар – Научный вестник. – 2025. – № 3. – Б. 555–557.

УДК 821.512.154:82.94 **DOI: https://doi.org/10.56122/..v1i1.584**

ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫНДА ГУМАНИЗМ ЖАНА СОГУШКА КАРШЫЛЫК ИДЕЯСЫНЫН КӨРКӨМ ИЛИКТЕНИШИ

Келдибай кызы Майрамкан, ф.и.к, доцент ОшМПУ
ORCID: 0009-0002-9317-6998

ХУДОЖЕСТВЕННОЕ ИССЛЕДОВАНИЕ ИДЕЙ ГУМАНИЗМА И ПРОТИВО ВОЕННОЙ НАПРАВЛЕННОСТИ В ПРОИЗВЕДЕНИЯХ ЧИНГИЗА АЙТМАТОВА

Келдибай кызы Майрамкан, ф.и.к, доцент ОшМПУ
ORCID: 0009-0002-9317-6998

THE ARTISTIC EXPLORATION OF THE IDEAS OF HUMANISM AND ANTI-WAR THEMES IN THE WORKS OF CHINGIZ AITMATOV

Mayramkan Keldibai Kyzy PhD (Candidate of Sciences in Philology), Associate Professor, Osh State Pedagogical University (OshSPU).
ORCID: 0009-0002-9317-6998

Аннотация

Ч. Айтматов – дүйнөлүк атакка ээ болгон кыргыздын залкар жазуучусу. Өткөн кылымдын экинчи жарымынан баштап чыгармачылыкка келип кошулуп, 80 жылдык өмүрүндө жазуучу эмне деген керемет чыгармаларды жаратып, бүтүндөй бир доордун адабиятын көркөм-эстетикалык бийиктикке чыгара алды. Жазуучу бүтүндөй чыгармачылык изденүүсүн адам коомун асылдандырууга, жакшылыкка үндөөгө багыттап, аң-сезимдүү ой жүгүртүүгө чакырып келгендиги баарыбызга маалым. Бул макалада Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларындагы гуманизм жана согушка каршылык идеялары талдоого алынды. Кайсы чыгармасы болбосун жазуучу адамзатты гумандуулукка чакырып келгендиги чыгармаларынын мисалында анализденди.

Ачкыч сөздөр: *гуманизм, идея, сюжет, көркөм-эстетикалык ачылга, согуш, роман, повесть.*

Аннотация

Чингиз Айтматов — всемирно известный великий кыргызский писатель. Начиная со второй половины прошлого века он активно включился в литературное творчество и за свои 80 лет создал поистине выдающиеся произведения, сумев поднять литературу целой эпохи на высокий художественно-эстетический уровень. Известно, что всё своё творческое искание писатель направлял на облагораживание человеческого общества, призывая к добру и сознательному мышлению. В данной статье проанализированы идеи гуманизма и антивоенной направленности в произведениях Чингиза Айтматова. На примерах его произведений показано, что писатель неизменно призывал человечество к гуманности.

Ключевые слова: *гуманизм, идея, сюжет, художественно-эстетическое раскрытие, война, роман, повесть.*

Annotation

Chingiz Aitmatov is a world-renowned great Kyrgyz writer. Starting from the second half of the last century, he became actively engaged in literary творчество and, over his 80-year life, created truly remarkable works, elevating the literature of an entire era to a high artistic and aesthetic level. It is well known that he devoted his entire creative pursuit to the moral improvement of human society, calling for goodness and conscious reflection. This article analyzes the ideas of humanism and anti-war themes in the works of Chingiz Aitmatov. Through examples from his works, it is demonstrated that the writer consistently called on humanity to embrace humanism.

Keywords: *humanism, idea, plot, artistic and aesthetic expression, war, novel, novella.*

Чыңгыз Айтматов – XX кылымдын улуу гуманисти. Ал алгачкы аңгемелеринен тартып, акыркы романы «Тоолор кулаганда» романына чейин адамзаттын руханий өсүшү, нравалык бийиктиги тууралуу ой калчап, «канткенде адам уулу адам болот?» деген суроону чыгармаларынын борборуна коюп, көркөм иликтөөгө алып, бул маселени жогорку чеберчиликте интерпретациялап берди. Ал эми согушка каршылык идеясы бүткүл чыгармачылыгынында кызыл сызык сыяктуу аралап өтүп, ар кандай өңүттөн ачылып берилген.

«Менин байкашымда Чыңгыз Айтматов – Адамга, Адамзатка карата жүрөгүндө чоң сүйүүнү алып жүргөн гуманист жазуучу болгон. Бул анын адамдык, сүрөткерлик касиети, сапаты анын алгачкы чыгармаларынан эле байкалат. Согуштун адам тагдырын кыйраткан мүнөзүн жаш кезинен элек жакшы билген жазуучу согушка карата өзүнүн жек көрүү сезимдерин «Бетме-бет», «Саманчынын жолу» повесттеринде эле эң жогорку көркөм-эстетикалык деңгээлде чагылдырган» [6,86-87-б], – деп айтматовтаануучу Лайли Үкүбаева туура баамдагандай жана жазуучу өзүн «согуштун мууну» катары эсептегендей, анын алгачкы «Ашым», «Уулу менен коштошуу», «Атадан калган туяк» аңгемелеринде да согуштун кесепети канчалаган адамдардын бүлүнгөн өмүрлөрүнө, кайгы, көз жаштарына себепкер болорун көркөм интерпретациялаган. Ошондой эле улуу жазуучу согушка каршылык идеяларын чыгармалары аркылуу гана эмес, «Ысык-Көл» форумун уюштуруп, өткөрүү менен да бүткүл дүйнөлүк жазуучуларды бир арага чогултуп, согуш оту тутанбашы үчүн адамзат

эмне кылышы керек деген түбөлүк актуалдуулукта турган суроону талкуулоону форумдун эң негизги максаты катары коюп, азыркы шарттагы жазуучунун милдети «ар бир адамдын акыл-эсине согушту жек көрүү сезимин ойготуу, ушуга умтулуу, жетишүү» – деп эсептеген. Жазуучу адам өмүрү эң кымбат байлык экенин дээрлик бардык маектеринде, чыгармаларында айтып келген. «Адамды туумак кыйын, багып өстүрмөк кыйын, а өлтүрмөк көз ачып-жумганча» [3,66-б] деп «Ак кеме» повестинде айтылгандай эле, адамды, адамзат жараткан нечен кылымдардан берки цивилизацияны, баарын сактоого тийиш эмеспи. Мына ушул ой, бардык акыл-эстүү адамдардын, чыгармачыл интеллигенциянын эсинде ар дайым болушу керектигин жазуучу өмүр бою айтып өттү. «Саманчынын жолу» повестинде идеялык ушул мотив апогейине жеткире сүрөттөлгөн.

«Ойлоп отурсаң, кызык, айланайын тууган жер, согуш башталат экен да, ал согушта адам баласынын эң асыл, колунан өнөр төгүлгөн азаматтары иштеп жаткан ишин таштап, биринин канын бири төгүп, бирин-бири өлтүрүүгө аргасыз болушат экен. **Ал эми мен буга түк макул эмесмин, турмушумда макул эмесмин!** Табигаттын жандуудан эң бийик жаратканы – адам баласыбы, дүйнөнү чарк имерген ким – адам баласыбы, андай экен, бири-бирине мынчалык залал келтирбей, тынчтыкта жашай албайбы? Айтчы чыныңды, сырдаш талаам, айткын, айт мага жообуңду!» [2, 166-б] – деген Толгонай эненин суроосуна Жер-Эненин жообу мындыйча: «Ал эми, Толгонай, адам баласы тынчтыкта жашай алабы, жокпу, дейсиң. Өзүң ойлоп көрчү, ал менден эмес, ал силерден, адам баласынын өзүнөн, силердин ынтымагыңардан, ыктыярыңардан, акылыңардан…» [2, 167-б] Ч.Айтматов жогорудагы диалогго гуманисттик философияны камтуу менен Жер Эне аркылуу бүткүл адамзатка кайрылып, «кан төккүчө акыл токтоткула» деген сөзү жаңырыктап тургансыйт. Согушта адам тагдыры кан төгүлүү менен эле бүтүп калбастыгы, трагедиянын түбү андан терең экендигин жазуучу повесттеги Алимандын тагдырын сүрөттөө аркылуу дагы драмалаштырган.

«-Кечирбес элем. Душманымды эзелде кечирбейм. Бирок заманыма кек сактаган жерим жок. Арты кайрылуу болсун. Антсе да согушта доом көп. Атылган ок, төгүлгөн кан – тарыхтын эсебинде, ал эми адамдардын бүлүнгөн өмүрүчү? Жалп этип окко учпаса да, Алимандын тагдырын эстегенде, ичим күйүп чок болот. Анын убал – сообу кимде? Анын дартын кимге айтам? Кайран келиним, гүл сүйгөн келиним!» [2, 191-б], – деп эскерет Толгонай. Анткени, согушка кетип, кайтпай калган жоокерлердин тагдырынан да Алимандын тагдыры эки эсе оор, трагедиялуу. Согуштун кыйраткыч, бүлүндүргүч кесепети канчалаган адамдарды бактысыз кыларын чыгармада ишенимдүү сүрөттөлгөн окуялардан көрүүгө болот. Согушка жолго батпай кылкылдап жөнөп кеткен аскерлерден бир гана аскердин кайтып келишин күтүп алган сценада чыгарманын драматизми ого бетер күчөтүлүп, согуштан азап тарткан элдин кайгы-касырети, Толгонайдын психологиялык абалы ого бетер тереңдетилип берилген. «Дүйнөдөгү адам баласынын баары ушундай бир тилекте, бир ниетте, бирине бири жакшылык жоруп, өз уул-балдарын ушунчалык сүйүшсө, ушунчалык күтүшсө, балким, согуш болбос беле дейм…» [2, 161-б] – деген Толгонайдын сөзүндө чыгарманын бүткүл идеялык мазмуну камтылгандай. Согуштагы адам трагедиясы Айтматовдун дээрлик бардык чыгармаларында ар кандай ракурстан көркөм иликтенип, Адамзат согушту болтурбоого, коомду руханий, нравалык, саясий, экономикалык жактан асылдандырууга бүткүл күч-аракетин жумшоого багытталышы керек деген идея чыгармадан чыгармага өтүп өркүндөтүлүп келди.

«Чыңгыз Айтматовдун жазуучулук гуманисттик философиясы Адамдын улуулугун, Жаратылыштык түбөлүктүүлүгүн, жарандар, социумдар менен табияттын шайкеш биримдигин, социалдык-экологиялык маданияттуулугун баалоого багытталгандыгы белгилүү» [4, 181-б], - философ М.Жумагулов белгилегендей эле дүйнөдө болуп жаткан жаман, жакшы иштердин баарына бир гана адам жооптуу экендигин Айтматов ар кандай шартта, ар кыл адам тагдырларынын мисалында көркөм иликтөөгө алат.

«Эрте келген турналар» повестинде согуштун айынан турмушка эрте аралашкан өспүрүмдөрдүн эл жүгүн аркалоого бел байлашы чыгарманын башкы мотиви катары алынып, согуш каатчылыгын тарткан карапайым элдин турмушу чагылдырылат. Мында да согуштук кырдаал адам мүнөздөрүн өзгөртүп, кээ бир адамдарды кайраттандырып чыйралтса, кээ бир

адамдардын инсандыгынын дегредацияланышына алып келип, өз мезгилинин патриотун, качкынын, ууру-кескисин ачыкка чыгарды. Чыгармада согуш балдардын балалыгын уурдап атат, аларды эрте жетилтип, турмушка эрте аралашууга мажбур кылып атат. Чыгарманын философиялык, нравалык негизин зулумдукка, үстөмчүл адилетсиздикке активдүү күрөшүү зарыл экендигин көрсөтүү болуп саналат. Бул күрөш «Аксай десанттары» Султанмурат, Анатай, Эркинбек сыяктуу жаш өспүрүмдөрдүн абраздары аркылуу чагылдырылып берилет. Согуш Султанмуратка окшогон жаш өспүрүмдөрдүн да не деген асыл кыялдарын, тилектерин кыйратып сала турган бүлүндүргүч экендигин дагы бир ирет көрө алабыз. Ошентсе да, баш каарман Султанмурат эрктүүлүк менен алдынан чыккан тоскоолдукка каршы турат. Айтматовдун каармандары руху күчтүү каармандар.

Ал эми «Кылым карытар бир күн» романында болсо Ч.Айтматов фантастикалык сюжеттеги Токой-Төш планетасындагы согуш деген эмне экендигин билбеген цивилизациялуу, аң-сезимдүү коомду параллель сүрөттөө аркылуу адамзатка гумандуу, келечектүү, согушсуз жашоо үчүн аракет кылыш керектигин айткысы келген. Согуштун адам тагдырын талкалоочу каргашасын Абуталиптин тагдыры аркылуу чагылдырган. Абуталиптин тагдырын да трагедияга тушуктурган дал ушул согуш. Мезгил-шарт өкүмү анын тагдырына да өз тагын салып, аны үй-бүлөсүнөн ажыратып, камалып кетүүсүнө да себепчи болуп отурат. Ал согушта болуп, немистердин туткунунда болгондугу анын кийинки трагедиясына айланды. Акыр түбү анын өлүмүнө да себеп болду. Балдары атасыз калды...

«Кассандра тамгасы» романында космостук монах аталган Филофей – Андрей Крыльцовдун тагдырында да согуштун тактары өз изин салып кеткендигин романдын акыркы бөлүгүндө окумуштуунун жан сыры катылган дептеринен башкача айтканда, романдын эпилогунан кабардар болобуз. Муну жазуучу шашпай, деталдаштырып сүрөттөө менен бирге эле балдар үйүнүн крыльцосуна ташталып кеткен ымыркайдын атасы ошол учурда Руза шаарын басып алган немистерден болушу да ыктымал. Ушундай кыйын шартка туш болгон энеси балким таштап кетүүгө мажбур болгондур... Ата-энесинин ким экендигин билбей чоңойгон бала, айланасындагыларды жек көрүү менен өстү. Ал өзүн коомго кыйын адам кылып көрсөткүсү келип, ага болгон күч аракетин жумшады. Ошентсе да ал ата-эне мээримине муктаж болуп чоңойду. Мамлекет ага “ата-эне” болуп бере алган жок. Мына ушундай согуштук жагдайлар анын эч айоону билбеген, мерез адам болуп калыптанышын шарттагандыгын романда жазуучу ишенимдүү сүрөттөп берген.Согуштун кесепети согуш бүткөндөн кийин да канча жылдар бою адам тагдырларында улана бере тургандыгын жазуучу Андрей Крыльцовдун мисалында чебер көрсөткөн.

Жазуучунун «Тоолор кулаганда» романында болсо согушка каршылык идеясы эгемен журналист Арсен Саманчиндин чыгармасы катары берилген «Өлтүр-өлтүрбөө» притчасы менен метафоралашат. Мында Сергий деген жаш жигит согушка бараткан болот. Анын энеси “согушка баратасың, бирок сен эч кимге ок атпа, эч кимди өлтүрө көрбө” деп безилдейт уулуна. А атасы болсо “Бул кайда баратат? Согушка да. Бул өлтүрбөсө, муну өлтүрүшөт” – дейт. Чындыгында алып караганда өтө татаал, талаштуу маселе. Бул притча аркылуу жазуучу, Сергийдин энеси айткан жагдай каршылаштардын экөөндө тең ушундай гуманисттик ой жашаса, согуш болбос эле...

Жыйынтыктап айтканда, Ч.Айматов жаратып кеткен көркөм дөөлөттөрдүн маанисі бүгүнкү күндө да актуалдуулугу артып, гуманизм идеялары жаңырыктап, дүйнө жүзүндөгү бүткүл адамзатты жакшылыкка үндөп, күн сайын адам болууга чакырат.

Пайдаланылган адабияттар

1. Айтматов окуулары – 2015. Эл аралык илимий-практикалык конференциянын материалдары. – Бишкек: «Турар», 2015. – 464 б.
2. Айтматов, Ч. Чыгармаларынын жыйнагы [Текст]: 8 т. / Ч.Айтматов; түз. А. Акматалиев. – Бишкек: Бийиктик, 2008. – 2-т.: Повесттер, ангемелер.- 432 б.
3. Айтматов, Ч. Чыгармаларынын жыйнагы [Текст]: 8т. / Ч.Айтматов; түз. А. Акматалиев. – Бишкек: Бийиктик, 2008. – 3-т.: Аңгемелер, повесттер, драма - 480 б.

4. Жумагулов, М. Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларындагы экологиялык парадигмалар. // Китепте: Айтматов окуулары – 2015. Эл аралык илимий-практикалык конференциянын материалдары. – Бишкек: «Турар», 2015. – 464 б.
5. Үкүбаева, Л. Чыңгыз Айтматов: эстетика жана улуттук негиз [Текст]: моногр. / Л. Үкүбаева.- Бишкек: БГУ, 2004.- 288 б.
6. Үкүбаева, Л. Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылык ийгилигинин сыры. // Китепте: Айтматов окуулары–2015. Эл аралык илимий-практикалык конференциянын материалдары. – Бишкек: «Турар», 2015. – 464 б.

УДК 323(575.2) +327

“УҢГУЖОЛ"- БАГЫТ БЕРГЕН ИДЕОЛОГИЯЛЫК ДОКУМЕНТ

Кидиралиева Нургуль Мэлисовна
филология илимдеринин кандидаты, доцент
Ош мамлекеттик педагогикалык университети
kydyraliyeva.nyrgul@mail.ru
Тешебай кызы Беназир,
Ош мамлекеттик педагогикалык университети
teshebaykyzy@mail.ru

"НАЦИОНАЛЬНЫЙ ДУХ" - РУКОВОДЯЩИЙ ИДЕОЛОГИЧЕСКИЙ ДОКУМЕНТ

Кидиралиева Нургуль Мэлисовна,
кандидат филологических наук
Ошского государственного педагогического университета, доцент.
kydyraliyeva.nyrgul@mail.ru
Тешебай кызы Беназир,
преподователь, Ошского государственного педагогического университета
teshebaykyzy@mail.ru

«NATIONAL SPIRIT" - IS A GUIDING IDEOLOGICAL DOCUMENT

Kidyralieva Nurgul Melisovna,
Candidate of Philological Sciences,
Osh State Pedagogical University, Associate Professor.
Teshebai kyzy Benazir,
Osh State Pedagogical University, Teacher.
teshebaykyzy@mail.ru

Аннотация

Макалада Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Нургожоевич Жапаров тарабынан кабыл алынан "Улуттук дем - дүйнөлүк бийиктик" уңгужолу жөнүндө Жарлыгын жетекке алуу менен Кыргыз Республикасындагы өнүгүү жолунун маанилүүлүгү тууралуу сөз болот. Уңгужолу- дүйнөлүк масштабдагы жетишкендиктерди көздөгөн жол экендиги айтылат. Ошондой эле Уңгужолун Кыргызстандын, анын ичинде жамы кыргыз журтунун идеологиялык башкы таянычы катары карасак болот деп белгиленет.